КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
НООКАТ РАЙОНУ

НООКАТ ШААРЫНЫН
МЭРИЯСЫ МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ
РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
НООКАТСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ МЭРИЯ
ГОРОДА НООКАТ

**Б У Й Р У К**
**Р А С П О Р Я Ж Е Н И Е**

**_____________________№ ________** **Ноокат шаары**

**Ноокат райондук мамлекеттик админстрациясынын 2024-жылдын 23-августундагы “Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы №137 “2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндөгү” Жарлыгын аткаруу жөнүндө” №14/219 буйругун аткарууга алуу жөнүндө**

Коррупцияга каршы аракеттенүүнү күчөтүү, коррупциянын алдын алуунун натыйжалуу механизмдерин колдону жана шаар аймагында, райондо коррупцияны минималдаштыруу боюнча туруктуу натыйжаларга жетүүгө багытталган чаралардын комплексин системалуу негизде ишке ашыруу максатында **буйрук кылам:**

**1.** Ноокат райондук мамлекеттик админстрациясынын 2024-жылдын 23-августундагы №14/219 буйругу аткарууга алынсын;

**2.** 2025-2030-жылдарга коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы тиркемеге ылайык бекитилсин (тиркелет).

**3.** Ноокат шаарынын мэриясынын аппараттык кызматкерлери, шаар мэриясынын алдындагы мекеме ишканалар:

- иш-чаралар планын белгиленген мөөнөттө аткаруу боюнча зарыл чараларды көрүшсүн;
- С.Жумабаев: квартал сайын отчеттук мезгилден кийинки айдын 3нө чейин Ноокат райондук мамлекеттик админстрациясынын уюштуруу бөлүмүнө (укуктук тартип жана жарандык коргонуу маселелери боюнча жетектөөчү адиси– юристине) иш-чаралар планын аткаруунун жүрүшү жөнүндө маалыматтар берип турулсун;

4. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө мэрдин орун басары М.Парпиевге жүктөлсүн.

**Мэр** **Б.Эгенали уулу**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-9/203, 28.08.2024
Кол койгон: Эгенали уулу Б., 28.08.2024